**И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Мамлекеттик тил жана маданият институту Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматы менен биргеликте өткөргөн**

**“Жаштарды маданиятка тарбиялоодогу Ч.Айтматовдун чыгармаларынын ролу” аттуу форумдун жүрүшү**

Залкар жазуучу Чыңгыз Айтматовдун 90 жылдыгына арналган бул иш-чара 2018-жылдын 18-майында И.Арабаев атындагы КМУнун башкы корпусунун чоң жыйындар залында башталды. Иш-чарага келгендер алгач имараттын кире беришинен тартып, залдын кире беришине чейин узатасынан коюлган жазуучунун турмушу-чыгармачылыгын чагылдырган фото выставка менен таанышышты.


Чыңгыз Айтматов
90 жашта
“Адамга эң кыйыны -
күн сайын адам болуу”


CHINGIZ AITMATOV and his Land
ЧИНГИЗ АЙТМАТОВ
И ДОЛЬШЕ ВЕКА ДЛИТСЯ ДЕНЬ
АЙТМАТОВ
AYTMATOV
TOPRAK ANA
Djamilia
Tschingis Aitmatow
Der Tag zieht den Jahrhundertweg
Roman


Ала-Тоодон ааламга
үн салган Айтматов

Келген меймандарды жазуучунун чыгармаларынын каармандарынын образында кийинген университеттин студенттери тосуп турушту




.


Раймалы


Жоломан


Мырзагул
Султанмурат


Бугу эне
Нургазы
Ак кеме


"ДЕЛБИРИМ"


"КЫЗЫЛ АЛМА"




СЕЙДЕ
"ЖАМИЛЯ"


Майсалбек
Толгонай
Алиман


МУГАЛИМ
ДҮЙШӨН


СЕЙДЕ
Толгонай
ДҮЙШӨН



***Жазуучунун чыгармаларынын мазмундарын чагылдырган музыканын коштоосунда меймандар орун алышты.***





Форумду аталган университеттин ректору Т.А.Абдырахманов ачып, алгачкы сөздү Кыргызпатенттин жетекчилигине берди. Форумдун ишине жергиликтүү окумуштуулар, чет өлкөлөрдөн келген илимпоздор, жогорку жана орто окуу мекемелеринин окутуучулары, магистрант, аспиранттар катышты. Форумдун катышуучуларын куттуктоо үчүн өкмөт мүчөлөрү, депутаттар, элчилер, КРдин Жазуучулар, Сүрөтчүлөр, Композиторлор, Кинематографисттер Союздарынын төрага, өкүлдөрү, КР ПРезидентинин алдындагы Мамлекеттик Тил боюнча Улуттук комиссиянын төрагасы, академиктер, КР УИАнын мүчө-корреспонденттери сөз сүйлөдү. Таанымал айтматов таануучу, академик Абдылдажан Акматалиев, академик Абдыганы Эркебаев, филология илимдеринин докторлору, профессорлор Осмонакун Ибраимов, Мехмет Айдын, Лайли Үкүбаева, Илимкан Лайлиева ж.б.лар илимий баяндама жасашты.




Ортодогу тыныгуусу менен саат 10.00дон 13.00гe чейин уланган Форумдун ачылышы жана пленардык жыйын андан ары секциялык иштер менен уланды. Форумга келген окумуштуулар, жогорку жана орто окуу жайларынын окутуучулары, мектеп мугалимдери, магистрант, аспиранттар, Турция, Россия, Казакстан ж.б. мамлекеттеринин илимпоздору, жергиликтүү изилдөөчүлөр эки жакка – басымдуусу ылдыйкы секцияларга, айрымдары тыштан келген меймандар менен атайын даярдалган унаалар менен жазуучунун бейитине – Ата-Бейитке жол алышты.

**Секциялар мындай багыттардан турду:**

1. Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы ыйман, адеп маселесинин лингвистикалык аспектиде каралышы;
2. Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы тарбия, маданият маселелеринин көркөм адабиятта изилдениши;
3. Ч.Айтматовдун чыгармаларын окутууда маданияттуулукка тарбиялоонун педагогикалык аспектиси;
4. Ч.Айтматовдун чыгармалары Кыргыз киносунун калыптаныш жолу катары;
5. Кыргыз элдик педагогикасынын Ч.Айтматовдун чыгармаларында чагылдырылышы;
6. Ч.Айтматовдун чыгармалары кыргыз искусствосунун объектиси катары ж.б.

Илимий жыйын кыргыз, орус жана түрк тилдеринде өтүп, 100дөн ашык окумуштуу-илимпоздор, окутуучулар, аспиранттар, магистранттар талкуу кылышып, секциянын иштеринни жыйынтыгы катышуучуларга сертификат тапшыруу менен чыгарылды. Секциялардын иштеринин жыйынтыгынын негизинде атайын резолюция кабыл алынды:

1. Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын көп нуска менен басып чыгарып, республиканын ар бир мектебине таркатуу.
2. Республиканын бардык китепканаларын Ч.Айтматовдун китептери менен камсыздоо.
3. Ч.Айтматовдун чыгармачылыгынын негизиндеги сүрөт көргөзмөсүн республиканын бардык бала бакча, мектеп, ЖОЖдорунда жыл аягына чейин кезектештирип уюштуруу.
4. Ч.Айтматовдун чыгармачылыгынын негизинде жазылган музыкалык чыгармаларга конкурс жарыялоо.
5. Ч.Айтматовдун чыгармачылыгынын негизинде кино тасмаларды тартуу мүмкүнчүлүктөрүн караштыруу.
6. Ч.Айтматовдун чыгармачылыгын мектепте окуп үйрөтүү боюнча сабактын иштелмелери боюнча конкурс жарыялоо жана алдыңкы делген иштелмелерди чогултуп, атайын китеп кылып чыгаруу.
7. Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы тууралуу илимий макалалардын негизинде И.Арабаев атындагы КМУ менен Кыргызпатенттин биргелештигинде атайын “Жарчы” чыгаруу.
8. Ч.Айтматовдун чыгармаларынын электрондук базасын аталган университетте түзүү.
9. Ч.Айтматовго арналган постсоветтик учурда жазылган бардык ырларды топтоп, иргеп, атайын жыйнак кылып чыгаруу.
10. Ч.Айтматовдун чыгармачылыгынын кейипкерлерин сахнага алып чыгуу боюнча конкурс жарыялоо.


"ЖАШТАРДЫ ТАРБИЯЛООДО Ч. АЙТМАТОВДУН
ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН РОЛУ" ФОРУМУНА
КОШ КЕЛИҢИЗДЕР!
KYRGYZPATENT
КМУ


КМУ
Котубаев Өскөнбай
Котубаевич


КМУ



Ата-Бейит – кыргыздарга ыйык жер. Эл келечеги деп жан берген бийик инсандар жаткан жер. Жазуучунуну атасы Т.Айтматов дагы ал жерге коюлган. Залкар жазуучунун ошол жерге берилиши элге, жалпы ааламдык калемгерлеhut Ата-Бейитке карата урматты арттырды. Секциялык иштер болуп аткан кезде жазуучунун ага-инилери, меймандар, окурмандар барып, кеп айтышты. Аны фотолор чагылдырат:













Форумдун жыйынтыгы боюнча университеттин “Жарчысы” чыгарылган (2018). “Тил – элдин автопортрети”, “Айтматовтаануудагы актуалдуу маселелер”, “Жаштарды тарбиялоодо Ч.Айтматовдун чыгармаларынын мааниси” деп аталган тил, адабият жана методика секцияларына баш-аягы 100 макала берилген. Алар мазмундук жактан Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгынын булагы, андагы музыканын орду, искусствонун тармактарында чагылдырылышы, жаштарды тарбиялоо маселесинин изилдениши, “Айтматовдук мектеп”, адабияттар аралык байланыш, трагедиялуулук, орус классикалык адабияты менен Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынын байланышы, Айтматовдун кыргыз илиминде изилдениши, Айтматовдун боордош элдердин илиминде изилдениши, Айтматовдун ааламдык таанылышы, пейзаж, ишеним, жаныбарлар, тилдик лексикасы, этникалык идентүүлүк, басма сөздө чагылдырылышы, улуттук адабияттаануудагы айтматовтаануунун орду, глобалдашуу менен байланышы, жансыз заттардын орду ж.б. өңдөгөн маселелер изилденген.

Аталган “Жарчыда” магистранттардын эмгектери орун алган. Алардагы проблеманын изилдениши, тема менен мазмундун шайкештиги авторлорунун илимий даярдыгынын ойдогудай болгондугун кабарлайт. Макалаларынн мазмуну айтматовдук теманын чегинен чыгып, “Манас”, фольклор, профессионалдык адабияттагы ар кыл маселелер, постсоветтик адабияттын өнүгүү жактары, журналистикадагы маселелер ж.б. арналган.